УДК: 37.017.92

**Бостонова Карлыгач Усеналиевна**
И. Арабаев атындагы КМУнун магистранты
**Бостонова Карлыгач Усеналиевна**
магистрант Кыргызского государственного университета им.И.Арабаева
**Bostonova Karlygach Usenalievna**
мaster's student of the Kyrgyz State University named after I. Arabaev

# ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАДАГЫ ЭМГЕККЕ ТАРБИЯЛОО ТУУРАЛУУ ИДЕЯЛАР

# ИДЕИ О ВОСПИТАНИИ К ТРУДЕ В НАРОДНОЙ ПЕДАГОГИКЕ

# IDEAS ABOUT TRAINING FOR WORK IN FOLK PEDAGOGY

**Аннотация:** Педагогика илиминде элдик педагогиканы кеңири пайдалануу өзүнүн жемишин берерин турмуш далилдеген. Себеби, элдик педагогика окуучулардын акылын өстүрүп, адептик жактан калыптандырууга гана көмөк көрсөтпөстөн, аларды эмгекке тарбиялоодо да таасири чоң роль ойнойт. Эмгек – элдин көз карашы, ою боюнча эң биринчи адептик-нравалык негиз, элдик осуят болуп эсептелет. Эмгек адамды өнүктүрөт, айкөлдүккө, боорукер, адептүү болууга тарбиялайт, өзүнүн ар намысын сезүүсүн, эмгектин натыйжасында жакшы жөрөлгөлөр пайда болорун билгизет. Элибиздин тарыхый тажрыйбасы эмгек аркылуу тарбия берүүнүн сабак болорлук бир нече мисалдарын камтып турат.

**Аннотация:** Опыт показал, что широкое использование народной педагогики в педагогике является продуктивным. Это связано с тем, что народная педагогика не только способствует развитию умов и нравственности учащихся, но и играет важную роль в воспитании их к труде. Труд – по мнению народа, первая моральная основа, заповедь народа. Труд развивает человека, воспитывает в нем щедрость, доброту, вежливость, проявление достоинства, и в результате труда формируются добрые ритуалы. Исторический опыт нашего народа содержит ряд поучительных примеров трудового воспитания.

**Annotation.** Experience has shown that the widespread use of folk pedagogy in pedagogy is productive. This is due to the fact that folk pedagogy not only contributes to the development of the minds and morality of students, but also plays an important role in educating them for work. Labor is, in the opinion of the people, the first moral foundation, the commandment of the people. Labor develops a person, fosters generosity, kindness, politeness, display of dignity in him, and as a result of labor, good rituals are formed. The historical experience of our people contains a number of instructive examples of labor education.

**Түйүндүү сөздөр:** элдик педагогика; эмгек тарбиясы; тарбиялоо принциби; этнография; фольклор; эмгек процесси; тырышчаактык, мээнеткечтик; тарбия берүүнүн усулдары.

**Ключевые слова:** народная педагогика; трудовое воспитание; принцип воспитания; этнография; фольклор; процесс труда; старание, трудолюбие; методы воспитания.

**Key words:** folk pedagogy; labor education; the principle of education; ethnography; folklore; labor process; diligence, hard work; methods of education.

Кандай гана эл болбосун, анын басып өткөн жолу, тарыхы, жашоо-өмүрү бар. Ал анын тарыхый өмүрүнүн айрым үзүндүсү эмес, өзүнүн бай тажрыйбасы менен соңку урпактарга айтар түбөлүктүү таалими болуп калат. Анткени, бабалар өтөгөн бардык жакшы иштер аталарга, аталардын өтөгөн жакшы өрнөгү балдарга сабак. «Турмуштун насаатчысы – тарых», – дейт байыркы римдик саясий ишмер, жазуучу жана чечен Цицерон [3, 195-б.]. Ал өзүнүн тегин тектеп, бабаларынын өз урпактарына калтырган жакшы өрнөгүнө таңданып, анан «турмуш – тарых» деп санаган жыйынтыкка келгендиги шексиз. Улуттук педагогикабыз болбой туруп, улуттук идеяны көз алдыга элестетүүгө кыйын, экөө бири-бирин толуктап турат. Канчалык биздин руханий байлыгыбыз өнүгүп, толуп-ташса, маданиятыбыз, экономикабыз ошончолук өсүп жетилери бышык. Бул илимдердин эл арасында өнүгүп-өсүшүнө, анын ичинде педагогика илиминин өсүшүнө өзүнчө салымы бар деп айтсак аша чапкандык болбос. Анткени, түз айтканыбызда педагогика илими адам баласынын бүткүл өмүр-жашоо турмушунан ажырагыс карым-катнашта турат. Деги эле «адам баласынын турмушун педагогика илиминен бөлүп кароого болбойт» [5, 99-б.].

Педагогика илиминде элдик педагогиканы кеңири пайдалануу өзүнүн жемишин берерин турмуш далилдеген. Себеби, элдик педагогика окуучулардын акылын өстүрүп, адептик жактан калыптандырууга гана көмөк көрсөтпөстөн, аларды эмгекке тарбиялоодо да таасири чоң роль ойнойт.

Көрүнүктүү окумуштуу этнопедагог Г.Н.Волков элдик тарбиялоонун тажрыйбаларын анализдеп жана жалпылап келип мындай деп белгилейт: «Эмгекке тарбиялоо – бардык элдердин педагогикасынын негизги проблемасы, эмгекти сүйүү – тарбиянын башкы маселеси» [4, 263-б.].

Эмгек – элдин көз карашы, ою боюнча эң биринчи адептик-нравалык негиз, элдик осуят болуп эсептелет. Эмгек адамды өнүктүрөт, айкөлдүккө, боорукер, адептүү болууга тарбиялайт, өзүнүн ар намысын сезүүсүн, эмгектин натыйжасында жакшы жөрөлгөлөр пайда болорун билгизет.

Эмгектин нравалык жагы көптөгөн элдик оозеки чыгармаларда кеңири жана ар тараптуу чагылдырылган: «Эмгексиз жакшылык жок», – деп белгилейт элдик тарбиячы, акылман. Адамдын жогорку деңгээлдеги эмгек сиңириши – бул, баарынан мурун, аткарылган милдеттин коомдогу таанылышы, моюнга алынышы. Эмгекчил адамга барыбир эмес, ал – коомдун өнүгүшүнө салым кошууга, жаштарды тарбиялоого аракеттенген ишмер адам. Элдик тарбия боюнча адептүүлүк адал эмгекке гана таянат. Мындан анын универсалдуулугу жана комплекстүүлүгү эске алынды. Себеби, эмгекте адам баласы бул же тигил тармак боюнча билимге, ыкка, машыгууга ээ болот. Ошондуктан бардык илимдер алгачкы байкоолордон жана акырындык менен топтолгон билимдердин жана адам баласынын эмгек ишмердүүлүгүнүн натыйжасында өнүккөн. Бул алгачкы билимдер улуттук фольклорубузда кеңири чагылдырылган. Эмгектенүү аркылуу ата-бабабыз жаратылыш күчтөрүн гана багындырбастан, ошону менен бирге, аларды пайдалануу аркылуу экинчи «жаратылышты» – материалдык жана рухий байлыкты түзгөн. Бул байлыктар адам баласынын жашоосунун байманалуу болуусунун критерийи жана ишмердүүлүктүн продуктысы болуп саналат. Түзүү, жаратуу процесси адам баласын жаңы ачылыштарга, билимдерге жана ойлоп чыгарууларга шыктандырат. Эмгектин түзүүчүлүк мүнөзү адамды чыгармачылыкка үндөгөн, жаңы нерсени жаратууга өбөлгө түзгөн. Бирок, баарынан мурун, кандайдыр бир жаңы нерсени жаратуудан мурун адам баласы ошол нерсени толук идеалдуу түрдө элестетүүсү зарыл. Эгерде турмуштук материал жетишсиз болсо, анда ага фантазия, кыялдануу, интуиция жардамга келген. Кыялды ойлоп чыгарууга айландыруу мүмкүнчүлүгү адамдын

кубанычынын жана көңүл эргүүсүнүн булагы болуп саналат. Бул боюнча бизге чейин жеткен илимий баалуулук катары саналган жомоктор, эпостор, уламыштар ж.б. далил болуп берет. Алар Гегелдин айтуусу боюнча жалпы «Адам баласынын педагогикасы» болуп эсептелет.

Адамдын жаратылыш байлыктарынын пайдалуу экендигине таңдануусу, анын закондорун таанып билүүсү, анын гармониясын, кооздугун, күчтүүлүгүн жана ар түрдүүлүгүн байкоосу аны керектөө үчүн пайдалануу жолдорун табууга жаратылыш адамдын өз жашоосунун жолун табуу, анын өзүн тууроонун үлгүсү болуп калган.

Эмгексиз адамда, эстетикалык да, дене тарбиясы да, адеп-ахлактык тарбия да болбойт, эмгексиз толук баалуу акыл тарбиясы да болбойт. Бул болсо элдин тажрыйбасында төмөнкүчө таамай айтылган:

«Эмгексиз рахат жок», «Эмгеги аздын өнмөгү аз», Кыргыз элинде «эмгек» түшүнүгү салттуу түрдө, баарыдан мурда, мал чарбачылык, мергенчилик, устачылык, үйдө иштелүүчү кол эмгегинин көптөгөн түрлөрү менен байланышкан [2, 86-б.].

Элдик оозеки чыгармачылыктын материалдары, улуулардын осуяттары жана кеп-кеңештери, өзүбүздүн байкоо жүргүзүүлөрүбүз төмөнкүлөрдү аныктады, т.а. элибизде тарбия ишиндеги ийгиликке балдарды эмгекке ырааттуу жана билгичтик менен тартуу туруктуу салт болуп калганы;  ошондой эле эмгекке тарбиялоодо баланын жашын, жынысын, табигый жөндөмүн, жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуунун өтө маанилүүлүгү ж.б.

Элдик тарбия бүгүнкү салттуу педагогиканын негизги жоболорун четке какпайт, тактап айтканда, илимий педагогика элдик педагогиканын эрежелери, көөнөрбөс булактары менен байыйт. Демек, кылымдар бою кыргыз эли өзүнүн жаш муундарын кандай принциптүү жоболорго жараша тарбиялап, калыптандырып келгенин азыркы илимий педагогиканын талаптарына салыштырсак ишенимдүү да, туура да экендигин байкайбыз. Себеби, элдик педагогика да илимий педагогика да турмуштук жагдайлардын, практиканын натыйжасында, коомдук талапка карата өзүнүн таалим-тарбия берүү жолдорун түзүп чыгып, жаштарды тарбиялоодо кеңири колдонгон.

Элибизде таалим-тарбияны ырааттуу колдонуп, балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо белгилүү бир принциптер эске алынган. Ошол принциптер тууралуу да кыскача сөз уласак.

Баланын жаш өзгөчөлүгүнө жараша тарбиялоо принциби урпак тарбиясында эң негизги жана эң алгачкы таяныч жобо катары эсептелет. Себеби, балдарга эмгек тарбиясын берүүдө алардын анатомиялык-физиологиялык өзгөчөлүгүн жакшы билүү, ошого ылайык тийиштүү тарбия ишин жүргүзүү негизги маселелерден.

Кыргыз эли баланын төрөлгөнүнөн баштап 20 жаш курагына чейин мезгилдерге бөлүп, ошого жараша тарбия берип келишкен. Ошону менен бирге К.Жаныгуловдун иликтөөсүнө да таянуу менен, балдардын жаш-курагын төмөндөгүдөй бөлүштүрсөк болот:

1. Ымыркай, чиедей – төрөлгөндөн 1 жашка чейин.
2. Наристе, күл чачаар – 2-3 жаштагы балдар.
3. Бөбөк курагы – 4-5 жаш.
4. Тестиер, секелек курак – 6-10 жаш.
5. Жеткинчек курак –10-12 жаш.
6. Өспүрүм курагы – 12-15 жаш.
7. Бой жеткен боз бала, бозой – 16 дан 20 жашка чейин
8. Боз салкын, эр жигит – 20-25 жаш

Ушуга жараша элибиз баланын жаш курактык өзгөчөлүгүн эске алып, мамиле жасоонун өзүнчө бир системасын түзүп, төмөндөгүдөй акыл-насаат калтырышкан.

«Ымыркайында – ырымдап бак,
Наристесинде – назда,
Бөбөгүндө – бөпөлө,
Тестиеринде – теске сал,
Жеткинчегинде – жетилт,
Өспүрүмүндө – өстүр,
Эрезеге жеткенде – элге кош» [6, 158-б.].

Жогоруда айтылгандардын баарынын жөнү бар. Анткени, ымыркайында элге көп көрсөтпөй, ырымдап кыркы чыкканча көздөн далдоо кармап, сый-урматтуу адамга ат койдурган. Тестиеринде теске сал дегени эмгекчилдикке  көнүктүрүүнү, калыптандырууну туюнтат. Ал эми «жеткинчегинде жетилт» дегени бул курактагыларга  эмгектенүүнү системалуу жүргүзүү.

Элибиздин тарыхый тажрыйбасы эмгек аркылуу тарбия берүүнүн сабак болорлук мисалдарын камтып турат. «Жашыңдан мээнеттенсең – карыганда дөөлөтүн көрөсүң»,– дешет аталарыбыз. Ошондуктан, эмгекке тарбиялоону эң эле эрте башташкан. Алардын пикири боюнча, балдардын алгачкы иш-аракети, адаты, улуулардын жасаганын окшоштуруп тууроодон башталат, ошого көнүгүшөт. Балдарда ушундан улам, ата-энелеринин иши менен сыймыктануу сезими жаралат.

Эмгекке мамиле, эмгектенүү учурундагы жүрүм-турум, эмгек адамдары менен болгон өз ара эмоционалдуу байланыштар, бой тартып (чоңоюп) калган балдарга карата элдик педагогикада, баарыдан мурда, балдарды өз алдынчалуу өнүгүүсү менен жакын тууган-туушкандарына жардам берүүгө кеңири тартуунун эсебинен кеңейтилет. Изилдөөгө алган этнографиялык, фольклордук материалдар тастыктагандай, кыргыз эли «баланы тарбиялоо иши канчалык эрте башталса, анын натыйжасы ошончолук жемиштүү болорун» ачык-айкын түшүнгөн. Элдин бул көз карашы да тарбиялоону табиятка шайкеш жүргүзүү жөнүндөгү элдин эмприкалык билимдерине негизделген. Муну «Жашында жакшы көктөгөн көчөт тез өсүп-өнөт: адам да ошондой, жашында сергек, сезимтал болсо, чоңойгондо баамчыл, тырышчаак, мээнеткеч адам болот» деген элдик пикирлер ырастап турат [1, 62-б.].

Элдин тажрыйбасы эмгектенүүдө тарбия берүүнүн сабагы жаткандыгын бул ой да айгинелейт: “Жашыңдан мээнеттенсең, карыганда дөөлөтүн көрөсүң”. Ошондуктан эмгекке тарбиялоону абдан эрте, болжол менен үч жаштан башташат. Элдин пикири боюнча, балдардын алгачкы иш аракети демейде улуулардын жасаганын окшоштуруп тууроодон башталат. Балдар ата-энелеринин иши менен сыймыктанат, алардын көп нерсени үйрөнүшөт.

Кыргыздар үй-бүлөлүк  тарбиянын тажрыйбасы катары улуулардын эмгекке болгон урматтолорун пайда болушунун үлгү болорлук формаларын камтыйт. Бул - чарчаган эмгекчил адам жөнүндө кам көрүү (алардын жуунушуна жардам берүү, эмгек куралдарын өз ордуларына коюу, урмат көрсөтүү, улуулар тамактанганда кызмат кылуу; аткарылган жумуштун натыйжасына көңүл буруу жана  башкалар).

Балдарды пайдалуу жумушка жаш кезинен тартууга алардын көптөгөн кыймылдуу оюндары же белгилүү бир иш аткарганда кыймылдап туурагандары  көмөк берген. Балдар койчу жана саанчы болуп чын көңүлдөрү менен ойношот, бул учурда эмгек көнүмдөрүнүн өз алдынча өнүгүшү үчүн чөйрө түзүлөт.

Эмгек, эмгектенүү учурундагы жүрүм-турум, эмгек адамдары менен зарыл болгон өз ара байланыш жөнүндөгү түшүнүктөр бой тартып (чоңоюп) калган балдарга карата элдик педагогикада барыдан мурда балдардын өзүн өзү тейлөөгө жакын тууган-туушкандарын кеңири тартуунун эсебинен кеңейтилет.

Элибизде эмгектик тарбия берүүнүн усулдары жана түрлөрү ар кыл. Ал жамаат ичинде да жана жекече да жүргүзүлүшү мүмкүн. Эмгекке тарбия берүүнүн усулдарына төмөнкүлөрдү киргизсек болот: адептик-этикалык темада аңгемелешүү, талкуу, осуят айтуу, ишендирүү, лекция, мелдеш, тапшырма берүү, коомдук уюмдардагы иштер, дискуссия, көнүгүү, машыктыруу, бата берүү, тыюу, кеңеш айтуу, текшерүү, түшүндүрүү, үйрөтүү, сыйлоо, кубаттоо, сыноо, убаданы аткаруу, өтүнүү ж.б.

Ар бир сабактын майнабы окуучуда кандайдыр бир ынанымды жаратууга алып келиши керек. Ынанымдын күчү анын терең аңдалып, күчтүү сезимдерге сиңирилгендигинде турат. Ушундай жол менен калыптанган ынаным гана бекем эркти, туруктуу мүнөздү калыптандыра алат. Эмгектик жоболор, фактылар канчалык кызыктуу болбосун, алар окуучулардын эмгекке карата ой жүгүртүүсүн өстүрүп, эмгекчилдигин жаратышы керек. Мына ошондо гана өткөн сабагыбыз эффективдүү болуп, ал окуучулардын эмгектик туруктуу кенчине айланарын изилдөөбүздө байкадык.

Кыргыз эли эмгекти материалдык камсыздоонун булагы катары баалоо менен, аны моралдык фактор катары да аныктап, жаштарды тарбиялоодо күчтүү каражат болорун эң сонун далилдешкен. Эмгек адам баласынын мүнөзүнүн көптөгөн мыкты касиеттерине, өзгөчөлүктөрүнө, инсандык сапатына эффективдүү таасирин тийгизүүгө мүмкүнчүлүк түзөрү практикада далилденген. М.: «Адам эмгеги менен таанылат», «Эмгек аркылуу адам максатына жетет», «Адамдын ким экенин эмгек гана көрсөтөт», «Эмгекти барктасаң – эмгек сени даңазалайт» деген макалдар бул оюбузду далилдеп турат.

Эмгек процессинде адам баласында төмөндөгүдөй моралдык-эрктик сапаттар иштелип чыгат, т.а. уюштуруучулук, тартиптүүлүк, жоопкерчилик, максатка умтулгандык, тырышчаактык, өз алдынчалык жана башкалар.

Мисалы: «Ишти ойлобой баштаба, баштасаң таштаба», «Аракеттене иштеген алга кетет, атасына ишенген азап чегет», «Дөөлөтүңө ишенбе, эмгегиңе ишен».

Улуу муундардын көп кылымдык акылмандуулугу, такшалган турмуштук тажрыйбасы, үрп-адаттары, каада-салты өсүп келе жаткан муундарды эмгекке тарбиялоодо дайыма баалуу кенч, үлгүлүү мектеп болгон жана боло бермекчи.

Ошентип, кыргыз өз кесибин өз балдарына үйрөтүп, көп жылдык баалуу тажрыйбаларын кийинки муундарга калтыруу кыргыз элинин мурдатан бери келе жаткан педагогикалык салты. Бул салт азыркы учурда да өз маанисин жоготкон жок.

Демек, эмгек тарбиясына көнүктүрүү менен элибиз балдарды акыл- эстүүлүккө жана адеп-ыйманга бирдикте тарбиялоого болорун көп кылымдык тажрыйбасынын негизинде далилденген. Эмгек дегенде, элибиз кара жанын карч уруп, жан үрөп иштей берүүнү гана элестеткен эмес, анын маданиятына ээ кылууну көздөшкөн.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Алимбеков А.А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Бишкек, 1996. – 66 б.
2. Апышев Б.А. Народные традиции и их использование в трудовом воспитании старшеклассников: Дисс. ... канд. пед. наук: 13.00.01. – М., 1974. – 130 с.
3. Бекембай Апыш. Педагогика. – Ош, 1993.
4. Волков Г.Н. Этнопедагогика чувашского народа. – Чебоксары, 1986. – 406 с.
5. Найманбаев М.Ж. Мектеп окуучуларына акыл жана адеп-ахлактык тарбия берүүнүн этнопедагогикалык негиздери (V-VII класстар). – Бишкек, 2005.
6. Рысбаев С.К. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы. – Бишкек, 2006. –345 б.

**Рецензент: п.и.д., профессор Калдыбаева А.Т.**